
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз билим берүү академиясы

# I.
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУТУУНУН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылга карата иш планынын №131 пункту
Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы. КРнын ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ, Бишкек шаары, 2020-жылдын 1-октябры, №510
КББАнын 2021-жылдын 20-апрелиндеги №3/20 буйругу
КББАнын 2021-жылдын 26-июлундагы №01 тескемеси



Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылга карата иш-чаралар планынын №131 жана 5-пунктунда **Мамлекеттик тилди эне тили, экинчи жана чет тил катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуу концепциясын өркүндөтүү каралган.**

Мамлекеттик тилди эне тили жана экинчи тил катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуунун өркүндөтүлгөн концепцияларынын долбоорун даярдоо үчүн КББАнын 2021-жылдын 20-апрелинде №3/20 буйругунун негизинде атайын жумушчу топ түзүлгөн.

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун концепциясы төмөндөгүдөй мазмундан турат:

1. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун жалпы маселелери
2. Кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздери
3. Кыргыз тилинен билим берүүнүн принциптери
4. Кыргыз тили боюнча билим берүүнүн максаты жана милдеттери
5. Кыргыз тили боюнча билим берүүнүн мазмуну

# Концепциянын долбоорун иштеп чыгуунун жүрүшүндө:

- 1. Жумушчу топтун 15  ирет жолугушуусу болду;
- 2. Концепциянын долбоору КР ББИМдин «Улут» мобилдик
- тиркемесине жана КББАнын  (www.kao.kg) сайтына
- жайгаштырылды;
- 3.  8 сунуш-пикир  келип түштү, анын беши кабыл алынды.
- 4. Кызматтык кат:
- 1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясына;
- 2. Республикалык «Кыргыз тили» коомуна;
- 3. Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна жөнөтүлдү.
- Оң пикирлер келип түштү.

Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун жалпы маселелери

Кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздери




Кыргыз тилинен билим берүүнүн принциптери

Кыргыз тили боюнча билим берүүнүн максаты жана милдеттери

# Кыргыз тилинен билим берүүнүн максаты

*Жалпы билим берүүчү мекемелерде* кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги **максаты** - окуучулардын  кеп ишмердигин (сүйлөөсүн, баарлашуусун) жакшыртуу жана өркүндөтүү, б.а. окуучу, өспүрүм жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилинен билим алуу процесстеринде “...улуттук менталитеттин базасында мыкты, маданияттуу сүйлөй билүүгө жана өз оюн мыкты жаза билүүгө үйрөнүшү зарыл. Эне тили сабагы окуучуга ар кандай турмуштук чөйрөлөрдө, жагдай-шарттарда кимдер менен кандай сүйлөшүүнүн стандарттуу жана стандарттуу эмес негиздерин, маалымат алмашуунун түрдүү жагдайларын, этномаданий баалуулуктарды туюндурулган текстти толук түшүнүүнүн жана түзө билүүнүн ыкмаларын  үйрөнүшү зарыл ”

# Кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздери

Билим берүү философиясынын коомду өнүктүрүүчү идеялары менен жоболоруна;

Коомду бириктирүүдөгү жана өнүктүрүүдөгү тилдин фолософиялык ролуна;

Мектепте кыргыз тилин окуу предети катары окуп-үйрөнүү философиясына ;

Кыргыз Республикасынын коомдук-социалдык, экономикалык жана саясий –өнүгүшүнө;

Педагогика, психология, филология илимдеринин соңку жетишкендиктерине;

Кыргыз Республикасында билим берүү жана тарбиялоо боюнча кабыл алган мыйзамдарына, концепцияларына, стандарттарына, окуу пландарына жана программаларына таянуу ж.б.



# Кыргыз тилин окутуунун ишмердикке негизденген денгээлдери:

1 Маалыматтык деңгээл

2 үйрөнгөнүн практикада колдоно билүү0

3 проблеманы чечүү деңгээли

4 чыгармачыл деңгээлдер жетекчиликке алынат жана анын технологиясы сунуш кылынат.



## Тил менен маданияттын биримдиги принциби

Кыргыз тили сабагы аркылуу окуучу кыргыздын элдик тилин, маданиятын үйрөнөт, тил аркылуу бала өз улутунун иденттүүлүгүн алып жүрөт, улутунун рухий маданий байлыгын көрсөтөт, далилдейт, сактайт жана башкаларга өткөрөт, башкаларга өрнөк кылып көрсөтөт. Ар бир кыргыз баласы өз тилинде сүйлөө менен, өзүнүн улутук тилине жасаган мамилесин жана өзүнүн жеке маданитынын да деңгээлин көрсөтөт.



# Кыргыз тилин окутуунун моделдери:

5-9-класстарга «грамматикадан-кепке», 10-11-класстарга **“кептен-грамматикага”** деген модель сунушталат, ал: **грамматиканын ар бир сабагы- кеп маданиятына машыктыруу сабагы** катары бааланат жана жыйынтыгында **“байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика”** деп аталган курс менен жыйынтыкталат, анда мектепте окутулган кептин материалдары системалуу түрдө практикалык негизде тереңдетилет жана, кептин (тексттин) материалдарынын өзөгүндө нормативдик грамматика ички сызык катары берилип, грамматика логикалык түрдө кептин курулуш материалы катары өздөштүрүлөт.

# Аткарылуучу милдеттер:

Кыргыз тилин окутууда окуучулар ээ
 болуучу комптенттүүлүктөрдү тактоо,
окуучулар эне тилинен сабаттуулуктун
негизинде, деңгээлдик технологияга
жараша  методиканы иштеп чыгуу;

Кыргыз тилин окутууда STEM,
STEAM  ж.б.технологияларын
кеңири колдонуу жолдорун
табуу

Мугалим
дердин билимин өркүндөтүү;
жаны окуу комплекстерин иштеп чыгуу


Кыргыз тил боюнча
көрүү, угуу
материалдарынын
топтомдорун түзүү
ж.б.

Кыргыз Республикасынын жалпы
билим берүүчү мекемелеринде
кыргыз тилин окутуп үйрөтүүнүн
комплекстүү планын иштеп чыгуу
жана практикада жетекчиликке
алуу;

Дүйнөлүк практиканы эске алып, кыргыз
тилин практикалык багытта үйрөнүүнү
активдештирүү максатында маалыматтык
технологияларды пайдаланууну
киргизүү,электрондук  окуу материалдарын
түзүү;



# II.
# Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы



# Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы төмөндөгү бөлүмдөрдөн турат.

1. Окуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окуп -үйрөнүүнүн жалпы маселелери
2. Кыргыз тилин экинчи тил катары окуп-үйрөнүүнүн максат-милдеттери, мазмуну жана анын компоненттери тууралуу
3. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн мазмуну жана анын компоненттери кандай болууга тийиш?
4. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методологиялык негиздери
5. Кыргыз тилин сүйлөшүү чөйрөсүнө, сүйлөшүү тематикасына жана андагы коммуникативдик милдеттерге ылайык үйрөтүүдөгү талаптар
6. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн деңгээлдик системасы жана анын дидактикалык талаптары
7. Кыргыз тилин компетенттүүлүккө негизденип окуп-үйрөнүүнүн дидактикалык талаптары жана негизги компетенттүүлүктөр
8. Кыргыз тилин натыйжалуу окутуу үчүн кандай методдорду колдонуу керек?

# Концепциянын долбоорун иштеп чыгуунун жүрүшүндө:

- 1. Жумушчу топ 15  жолу жолугушуусу өткөрдү;
- 2. Концепциянын долбоору КР ББИМдин «Улут» мобилдик
- тиркемесине жана КББАнын  (www.kao.kg) сайтына
- жайгаштырылды;
- 3.  11 сунуш-пикир келип түштү, анын беши кабыл алынды.
- 4. Кызматтык кат:
- 1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясына;
- 2. Республикалык «Кыргыз тили» коомуна;
- 3. Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна жөнөтүлдү.
- Оң пикирлер келип түштү.

# Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты:

Кыргызстанда жашаган башка улуттун окулдорун күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу.



# Кыргыз тилин окутуунун милдеттери:



окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүүсү;



кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу  түрлөрүндө деңгээлдерге жараша иштөө  көндүмдөрүнө ээ болуу;



сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен, окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда жана чөйрөлөрдө кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;



мектепти аяктаганда кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темадага макаланы жана радиодон



социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;



болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;




темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп, өз сөзү менен айтып бере алышы жана кырдаалга жараша темада текст түзө алуу;



балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен, же сөздүксүз эле которо алууга ээ болуу;



иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.



# Кыргыз тилин үйрөнүүнүн методологиялык багыттары:

-тилди адамдардын өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү (коммуникациянын куралы);

-тилди улуттук маданиятты таануунун каражаты катары үйрөтүү (таанытуучу лингвистика, т.а. лингвоөлкө таануу багыты);

-тилди инсанды өнүктүрүүнүн куралы катары үйрөтүү;

-тилди коомду ич ара байланыштырып бириктирүүнүн каражаты катары үйрөтүү;





# Кыргыз тилин үйрөнүүнүн методологиялык багыттары:

-тилди билим алуунун каражаты катары үйрөтүү;

-тилди инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу куралы катары үйрөтүү:

-тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.





**ыргыз тилин**
**окутуунун**
**етодикалык**
**ринциптери**

1. Коммуникативдуулук принциби;
2. **Деңгээлдерде негизде окутуу;**
3. Фунционалдуулук принциби
4. Окутуунун кырдаалдык-тематикалуулугу
5. **Окуучунун эне тилиндеги өзгөчөлүгүн эсепке алуу**
6. лингво-улуттук маданиятты таанууучулук

# Кыргыз тилин натыйжалуу окутуунун факторлору:

1

Кыргыз Республикасында кыргыз тилине болгон коомдук талаптын, ал тилде сүйлөөгө болгон турмуштук зарылдыктын түзүлүшү;

2

Кыргыз Республикасынын ар бир жараны, анын ичинде, мектеп окуучусу кыргыз тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыктын, каалоо сезиминин, ички керектөөнүн (мотивация) болуусу;

3

Кыргыз тилинин бала үчүн жашоо каражаты катары кызмат кылуусу;

4


Коомдук турмушта да, сабакта да күндө кыргыз тилинде сүйлөөгөн жандуу практиканын болушу.

## Кыргыз тилинде сүйлөшүү чөйрөлөрү :

1. Баланын өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү
2. Коомдук, социалдык-маданий чөйрө.
3. Окуу-таануу чөйрөсү.
4. Эмгек жана кесип чөйрөсү.


# Кыргызча тил билүү деңгээлдери:

A1 денгээли (1)



**A1 Элементардык деңгээл** экиге бөлүнөт. Анын ичинен, карапайым көндүмдөр (А 1.1.*кыргыз тилин үйрөнүүгө багыттоочу мезгил)* 1-класста калыптанат, ал башка тилдүү балдардын кыргыз тилин үйрөнүүгө киришүү мезгили болуу менен, анын эң жөнөкөй көндүмдөрүнө ээ кылат.

А1.1. деңгээлине жогоруда белгилеген чөйрөдө баланын инсандыгына, анын жашоо жана окуу чөйрөсүнө жакын тематтиканы камтыган тилдик жана сүйлөө көндүмдөрү тартылат.



# Кыргызча тил билүү деңгээлдери:

## А1 денгээли (2)

2-3-4-класстарды камтыган **А1.2- Жөнөкөй көндүмдөр** *(эң жөнөкөй тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили)* да балдарды турмуштук жөнөкөй чөйрөлөрдө сүйлөшүп-пикирлешүүгө көнүктүрүүнү улантат, аны баштапкы киришүү деңгээлиндеги баарлашуу көндүмдөрү менен тилдик материалдар байытат.

.

Бирок мындагы кадыресе көмдүмдөрдүн талаптарындагы башкы айырмачылык- анын түзүлүшү эки этаптан турат, т.а. кыргызча баарлашууга болгон баштапкы жөнөкөй көндүмдөр калыптанып, андан ары баштапкы орто көндүмдөр бекемделет



# Кыргызча тил билүү деңгээлдери:

А2 денгээли



**А2 Калыптануу деңгээли** деп аталган-5-9-класстарды камтыган (*тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили)* кадыресе көндүмдөр деп аталган бул деңэлде окуучулар кыргызча сүйлөөдө жана жазууда, негизинен, буга чейинки (башталгыч класстарда) ээ болгон баштапкы көндүмдөрдү бекемдеген, тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө ээ болгон, кыргызча сабаттуу жазууга машыга баштаган өткөөл мезгил катары бааланат.

# Кыргызча тил билүү деңгээлдери:

## B1 денгээли



**B** деңгээли кыргыз тилин **өз алдынча колдоно билүү деңгээли** деп аталат жана ал эки этапта ишке ашат. Анын биринчи этабы – B1 деңгээли 10-11-класстарды *(өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү мезгили)* камтуу менен, орто мектептин окуу курсу жалпыланат.

Бул мезгилде окуучулар кыргыз тилин практикалык негизде, т.а. «сүйлөөгө сүйлөшүү аркылуу», «сүйлөшүүнүн жүрүшүндө үйрөнүү» принцибинде жана ишмердик багыттарда, үлгү тексттер аркылуу тил үйрөнүүгө активдүү киришишет.

# Кыргыз тилин окутууга коюлган дидактикалык талаптар:

1. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максатка туура келиши;
2. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты анын методикасына дал келиши;
3. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжалары максатка туура келиши;
4. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжаларынын компетенттүүлүктөрдүн калыптанышына кызмат кылышы;
5. Кыргыз тили сабагынан алган окуучулардын баалары сабактын натыйжаларына жана компетенттүүлүктөргө дал келиши;



6 Кыргыз тилин үйрөтүүнүн мазмуну менен турмуштук практиканын талаптарынын төп келиши;

7 Грамматикалык материалдарды үйрөтүүдө анын функионалдык-практикалык жагынын болушу;

8 Текст менен  кеп өстүрүүнүн бирдиктүүлүгүнө жетишүү;

9 Кыргыз тилин окутуунун баланын кызыкчылыгы менен дал келиши;

10 Кыргыз тилин үйрөтүү тилди турмуштук курал катары колдонуп жашоо зарылдыгына  пайдаланууга жооп бериши.

# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттүүлүктөр:

## 1. Тилдик компетенттүүлүктөр:

-тилдин системасы боюнча теориялык билимге ээ болуу;

-адабий тилдин нормасын билүү;

-тилдик кор, сөздүк курамы жөнүндө билимге ээ болуу;

- сөздүк байлыгына ээ болуусу;

-тилдин грамматикалык түзүлүшүн билүү;

-тилдик көрүнүштөрдү (формаларды) талдай билүүсү;

-сөздүктөр менен иштей билүү;

-орфографиялык сабаттуулугу;

-сөздөрдү, сүйлөмдөрдү түзө билүүсү.

# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттүүлүктөр:

## 2. Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:

-кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;

-кеп маданиятына үйрөнүүсү;

-кептин стилдерине жараша иштей алуусу;

-түрдүү чөйрөдө сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ болуусу;

-сүйлөшүү этикетин өздөштүрүүсү;

-кептин функционалдык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;

-сөздүктөр менен иштей билүү;

-кыргызча кеп этикетине жатыгуусу, ага ээ болуусу.



# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттүүлүктөр:

### 3. Когнитивдик, т.а. лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөр:

-тил аркылуу улуттук маданияттын баалуулуктарын үйрөнүү (тил – маданият);

-тил менен элдин тарыхын байланышта карап үйрөнүү (тил – тарых);

-улут аралык сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү;

-тил аркылуу элдик психологияны үйрөнүү;

-тил аркылуу улуттук сөз өнөрүн үйрөнүү.

**Натыйжада, тил аркылуу элдин маданиятын (элдик тилди, этнолингвистиканы), тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын аңдап билүү, сөздөрдүн маанилерин, түркүн сырларын үйрөнүү, алардын негизинде элибиздин менталитетин иликтеп билүү ишке ашмакчы.**



# III
# АДАБИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫ

АДАБИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН концепциясы
төмөнкү бөлүмдөрдөн турат.

1 КИРИШҮҮ

2 Жаңы концепциянын зарылдыгы

3 Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары жана милдеттери

4 Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери

5 Адабиятты окутуу процессинде окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр жөнүндө

6 Адабият сабагында окуу-тарбия процесси. Адабият мугалими

7 Окуу-тарбия процессинин илимий-методикалык жактан камсыздандырылышы

8 Окутуу мамлекеттик эмес тилдерде жүргүзүлгөн мектептердеги (класстардагы) кыргыз адабияты

# Концепциянын долбоорун иштеп чыгуунун жүрүшүндө:

- 1. Жумушчу топтун 17  жолу жолугушуусу болду;
- 2. Концепциянын долбоору КР ББИМдин «Улут» мобилдик
- тиркемесине жана КББАнын  (www.kao.kg) сайтына
- жайгаштырылды;
- 3.  10 сунуш-пикир  келип түштү, анын беши кабыл алынды.
- 4. Кызматтык кат:
- 1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясына;
- 2. Республикалык «Кыргыз тили» коомуна;
- 3. Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна жөнөтүлдү.
- Оң пикирлер келип түштү.

Адабий билим берүүнүн мазмунунун жана түзүлүшүнүн концепциясы» мурдагы концепциядан негизинен **төмөнкүдөй жагдайлар менен өзгөчөлөнүп турат:**

1. Адабий билим берүүнүн ыймандык-этикалык жана маданий-эстетикалык, этномаданий аспектилерин тереңдетүү талабы коюлду;
2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүндө аларга оор жүк келтирүүчү чыгармаларды үйрөнүү үчүн ырааттуу курс түзүлүп, «чөп башылап» окутуу иши четке сүрүлөт, айрым материалдарды кайталоолордон арылтылат;
3. Соңку жылдардагы адабияттаануу, эстетика, педагогика, психология, мектептаануу, социология, психология, саясаттаануу, лингвистика ж.б. илимдердин жаңы жетишкендиктери «...концепциянын» мазмунунан жана түзүлүшүнөн орун алды;
4. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун башкы өзгөчөлүктөрү чагылдырылды;
5. Соңку кыргыз адабиятынын (эгемендүүлүк жылдарындагы) жана дүйнөлүк адабияттын кийинки жылдарда которулган көркөм нарктарын көбүрөөк окутууга басым жасалат.

5. Соңку кыргыз адабиятынын (эгемендүүлүк жылдарындагы) жана дүйнөлүк адабияттын кийинки жылдарда которулган көркөм нарктарын көбүрөөк окутууга басым жасалат.

6. Адабий билим берүүнүн мектептик курсундагы кайталоолордон арылуу жүргүзүлүп, айрым курстарда, класстарда сааттарды кайра бөлүштүрүү ишке ашат, үйрөнүүгө татаал чыгармалар 10-11-класстарга сүрүлөт.

7. Адабият предметинин мазмунун аныктаган программа толук бойдон саясатсыздаштырылат.

8. Негизги көңүл окуучулардын текст менен иштеп, оозеки жана жазуу кебин калыптоого жумшалат. Кыргыз тилинин аёосуз деформацияга учурап, мурда болуп көрбөгөндөй ассимиляцияга кабылып жаткан азыркы учурунда адабиятты окутууну ишмердик багытка буруу, анын практикалык активдүүлүгүн күчөткөндүк болуп саналат.

## Концепцияда тарбиялоо идеясынын башкы идеологиясы төмөнкүлөр менен байланышат:

- инсанды гумандаштыруу ойлорун турмушка ашыруу;
- балдардын ичинде бугуп жаткан чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн сууруп чыгуу;
- инсанды ар тараптуу жана гармониялуу өсүп-өнүгүүгө кам көрүү;
- окуучуларды турмушка жакындатуу. элдин жашоосу менен байланыштыруу;
- көркөм адабият аркылуу Ата Журтту сүйүү сезимдерин калыптоо;
- уландар менен кыздарды турмуш тууралуу ойлонууга багыттап, өз алдынча жашоого үйрөтүү, социалдык активдүү инсанды жетилдирүү;
- жаңы, демократиялык коомдун принциптери менен жашоого көнүктүрүү;
- сулуулукту, коздукту ылгай билүүгө жана ошого жетишүүгө тарбиялоо ж.б.

КӨҢҮЛ БУРГАНЫНЫЗДАРГА РАХМАТ!

С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор
Кыргыз билим берүү академиясы,
2022-ж.